| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

**ТОКТОМ №131**

2026-жылдын 26-февралы Бужум айылы

**Суу-Башы айыл аймагындагы 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин, аймакты социалдык экономикалык жактан өнүгүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы тууралуу айыл өкмөт башчысынын отчету жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагындагы 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин, аймакты социалдык экономикалык жактан өнүгүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы тууралуу айыл өкмөт башчысынын отчету кээ бир кемчиликтерди эске алуу менен канааттандырарлык деп табылсын.

2. Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына 2026-жылга социалдык-экономикалык өнүгүү программасына киргизилген иш чараларын ишке ашырууга, кошумча инвестицияларды жана гранттарды тартуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго милдеттендирилсин.

3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **К.Шакиров**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезектеги XVIII сессиясы

# ТОКТОМ №132

2026-жылдын 26-февралы Бужум айылы

## Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин такталган планын жана 2027-2028-жылдар үчүн болжолдуу долбоорун бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктунун, 2-пунктчасына жана Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет жана экономикалык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 24-февралындагы отурумунун корутундусуна ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга каралган жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү 48978,8 миң сом жана 2027-жылга божомолу 51498,7 миң сомго, 2028-жылга божомолу 54254,7 миң сомго бекитилсин.

2. Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2026-жылга киреше бөлүгү №1 тиркемеге ылайык, анын ичинен теңдөөчү грант 29158,0 мин сом жана өздүк киреше 19820,8 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

3. Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн менчигине түшүүчү жер салыгынын чегерүү өлчөмдөрү №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. 2026-жылга жергиликтүү бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелерге каралган чыгымдар: жалпы 48 978,8 миң сом өлчөмүндө №3 тиркемеге ылайык бекитилсин(беренелер боюнча тиркелет).

5. 2026-жылга айыл өкмөтүнүн кайра бөлүштүрүү фондундагы жерлерден түшкөн ижара акысы 1047,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

6. 2026-жылга Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн резервдик фонду №5 тиркемеге ылайык бекитилсин.

7. Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2027-2028 жылдарга божомолу №7 тиркемеге ылайык бекитилсин. 2027-жыл үчүн кирешесинин өлчөмү теңдөөчү гранттан 29158,0 миң сом, өздүк кирешеси 22340,7 миң сом, 2028-жыл үчүн кирешесинин өлчөмү теңдөөчү гранттан 29158,0 миң сом, өздүк кирешеси 25096,7 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

8. 2026-жылга Суу-Башы айыл аймагында өзгөчө кырдаал катталган учурда, өзгөчө кырдаал үчүн 1000,0 миң сомго чейин акча каражаты бөлүнүп берилсин.

9. Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2026-жылдын жыл башына калган бюджеттик калдыктары №8 тиркемеге ылайык бөлүштүрүлсүн.

10. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

11. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

12. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономикалык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **К.Шакиров**

**Тиркеме №1**

**Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясынын № 132 токтомуна тиркеме**

| | | |
|---|---|---|
| **1.** | Атуулдардын эмгек акыларынан алынуучу салык | 15851,1 |
| **2.** | Атайын режимдеги салыктар | 318,4 |
| **3.** | Транспорт каражатынан түшкөн салык | 0 |
| **4.** | Кыймылсыз мүлк салыгы | 193,2 |
| **5.** | Жер салыктары | 1228,4 |
| **6.** | Кайра бөлүштүрүү фондунун ижара акысы | 1 047,0 |
| **7.** | Жайыт жерлерин ижарага берүүдөн жыйым | 400,0 |
| **8.** | Таштанды чыгаруу үчүн чогултулуучу жыйым | 54,0 |
| **9.** | Башка салыктар жана жыйымдар | 3,4 |
| **10.** | Недрлерди пайдалануу укугу учун лицензия кармоо | 346,7 |
| **11.** | Муниципалдык менчиктерден ижара акысы | 218,0 |
| **12.** | Калктуу конуштардын жерлеринин ижара акысы | 144,0 |
| **13.** | Роялти | 16,6 |
| **14.** | Теңдөөчү трансферт | 29158,0 |
| | Жалпы кирешелер: | 48 978,8 |

**№2 тиркеме**

Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин менчигине түшүүчү жер салыктарынын чегерүү өлчөмдөрү төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:
Айыл өкмөтүнүн бюджетине 100%

**№3 тиркеме**

2026-жылга жергиликтүү бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелерге каралган чыгымдар: жалпы 48 978,8 миң сом өлчөмүндө статьялар боюнча тиркелет.

**№4 тиркеме**

2026-жылга айыл өкмөттүн кайра бөлүштүрүү фондундагы жерлерден түшкөн ижара акысы 1 047,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**№5 тиркеме**

Айыл өкмөтүнүн 2026-жылга резервдик фонду 900,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жыл үчүн бюджети:

Жалпы 48 978,8 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**Жооптуу катчы:** **Р.Нурматова**

**Тиркеме №3**

**Суу-Башы айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин VIII чакырылышынын**

**кезектеги XVIII сессиясынын**

**№132 токтомуна тиркеме**

**Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгү**

| № | Ишкананын аталышы | Баары | Эмгек акы 2111 | Соц.фонд 2121 | Сапар.чыгымдар 2211 | Байланыш түйүну 2212 | Транспорт.чыгым 2214 | Ар түрдүү чыгымдар 2215 | КРнын МСУна взнос-2621 | Учурдагы ремонт иштери 2221 | Чарба буюмдарын алуу 2222 | Көмүр сатып алуу 2224 | Күзөт кызматы үчүн 2225 | Сууга төлөө 2231 | Электр энергияга төлөө 2232 | Женилдиктер 2721 | Резервдик фонд 2824 | Имараттар, курулмалар 3111 | Машина жана курулмалар 3112 | Кредиттерди кайтаруу 3314 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Айыл өкмөт | 45792,8 | 13174,1 | 1820,3 | 350,0 | 52,0 | 734,1 | 11467,4 | 76,3 | 4795,0 | 1139,7 | 54,0 | | 26,0 | | | 900,0 | 9705,4 | 1251,6 | 247,0 |
| 2 | Айылдык кеңеш | 2030,9 | 1521,5 | 209,4 | 100,0 | | 200,0 | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | Жайыт | | | | | | | | | | | | | | | 1155,0 | | | | |
| 4 | Компенсация | 1155,0 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | **Жалпы:** | **48978.8** | **14695,6** | **2029,7** | **450,0** | **52,0** | **934,1** | **11467,4** | **76,3** | **4795,0** | **1139,7** | **54,0** | | **26,0** | | **1155,0** | **900,0** | **9705,4** | **1251,6** | **247,0** |

**Жооптуу катчы:** **Р.Нурматова**

**Тиркеме №5**

**Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясынын № 132 токтомуна тиркеме**

| | **Статья 2824 Резервный фонд** | |
|---|---|---|
| 1 | Арыз менен кайрылган жарандар | 350,0 |
| 2 | 8- март аялдардын эл аралык майрамына карата | 100,0 |
| 3 | Нооруз майрамына | 40,0 |
| 4 | Курбан айт майрамына курбандык үчүн | 150,0 |
| 5 | 9- май жеңиш күнүнө | 40,0 |
| 6 | 1-июнь балдар күнүнө | 50,0 |
| 7 | 31- август эгемендүүлүк күнүнө | 80,0 |
| 8 | Энелер күнүнө | 90,0 |
| | БААРЫ: | 900,0 |

**Жооптуу катчы:** **Р.Нурматова**

**Тиркеме №7**

**Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясынын № 132 токтомуна тиркеме**

| | 2027 ж. | 2028 ж. |
|---|---|---|
| 1. Атуулдардын эмгек акыларынан алынуучу салык | 18371,0 | 21127,0 |
| 2. Атайын режимдеги салыктар | 318,4 | 318,4 |
| 3. Транспорт каражатынан түшкөн салык | 0 | 0 |
| 4. Кыймылсыз мүлк салыгы | 193,2 | 193,2 |
| 5. Жер салыктары | 1228,4 | 1228,4 |
| 6. Кайра бөлүштүрүү фондунун ижара акысы | 1 047,0 | 1 047,0 |
| 7. Жайыт жерлерин ижарага берүүдөн жыйым | 400,0 | 400,0 |
| 8. Таштанды чыгаруу үчүн чогултулуучу жыйым | 54,0 | 54,0 |
| 9. Башка салыктар жана жыйымдар | 3,4 | 3,4 |
| 10. Калктуу конуштардын жерлеринин ижара акысы | 144,0 | 144,0 |
| 11. Недрлерди пайдалануу укугу учун лицензия кармоо | 346,7 | 346,7 |
| 12. Кызмат корсотуулордон тушкон киреше | 0 | 0 |
| 13. Роялти | 16,6 | 16,6 |
| 14. Муниципалдык менчиктерден ижара акысы | 218,0 | 218,0 |
| 13. Теңдөөчү трансферт | 29158,0 | 29158,0 |
| **Жалпы:** | **51498,7** | **54254,7** |

**Жооптуу катчы:** **Р.Нурматова**

**Тиркеме №8**

Суу-Башы айыл аймагынын
айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезектеги XVIII сессиясынын №132
токтомуна тиркеме

**2026-жылдын жыл башына калган бюджеттик калдыктардын бөлүнүшү:**

1. Аппарат бөлүмүнүн 3111 беренесине- 3011,3миң сом
2. Аппарат бөлүмүнүн 2222 беренесине- 84,0 миң сом
3. Аппарат бөлүмүнүн 2221 беренесине- 554,9 миң сом

Бюджеттик калдыктардын баары: 3650,2 миң сом

**2026-жылдын жыл башына калган атайын каражат эсебинин калдыктарынын бөлүнүшү:**

1. Аппарат бөлүмүнүн 2215 беренесине 4.3 миң сом

Атайын каражаттардын баары: 4.3 миң сом

**Баары болуп: 3654,5 миң сом**

**Жооптуу катчы:** **Р.Нурматова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**БАТКЕН РАЙОНУ**
**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезектеги XVIII сессиясы

**ТОКТОМ №133**

2026-жылдын 26-февралы                                                                 Бужум айылы

**“Суу-Башы айыл аймагындагы калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымынын мөөнөтүн жана ченемин бекитүү” жөнүндөгү Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылдын 26-мартындагы №50 токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 4-пунктунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы №662 токтомуна ылайык, Мамлекеттик салык кызматынын Баткен району боюнча башкармалыгынын 2026-жылдын 26-февралындагы №024/24/08-6/125 сандуу чыгыш катын талкуулап чыгып, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылдын 26-мартындагы №50 токтомунун 1-пунктуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип төмөндөгүдөй баяндалсын:
   - мекеме ишканалар үчүн ар бир кызматкерлерге 100сом болуп бекитилсин.
   - калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу боюнча жыйымдарды эсептөө, тапшыруу мөөнөтү 2026-жылдын 1-апрелине чейин деп окулсун.
   - калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу боюнча жыйымдарды төлөө мөөнөтү 2026-жылдын 1-апрелине чейин деп окулсун.
2. Суу-Башы айыл аймагындагы калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымдарын бюджетке чегерүүнү, жыйноо жана төлөөгө көзөмөл жүргүзүү жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго милдеттендирилсин.
3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономикалык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага**                                                                 **К.Шакиров**